“Бекитилген”

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын Үчүнчү Кезектеги Съездинин чечими тарабынан 27 январь 2024-жыл

# Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кесиптик этикасынын кодекси

## 1-бөлүк. Преамбула

1.1. Кыргыз Республикасында адвокаттардын ишмердиги Кыргыз Республикасынын Конституциясында, “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кепилденген адамдын, жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин, жарандардын жана уюмдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоодо маанилүү роль ойнойт.

1.2. Жеке жана юридикалык жактарга алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү адвокаттык кесиптин максаты болуп саналат.

1.3. Адвокаттын кесиптик этикасынын кодекси адвокатуранын адеп-ахлак критейлерине жана салттарына негизделген адвокаттык ишмердикти ишке ашырууда ар бир адвокат үчүн милдеттүү жүрүм-турум эрежелерин белгилейт.

1.4. Өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарууда адвокат өз аракети менен иштердин адилет иликтенишине жана каралышына, адилет сот процессине, адвокаттын кесибин, абройун жана ар-намысын коргоого көмөк көрсөтөт.

1.5. Жеке жана юридикалык жактарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө, бардык соттук инстанцияларда алардын өкүлү катары чыгууда, бийликтин бардык органдарынын, уюмдарынын алдында адвокат Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында каралган коргоону ишке ашыруучу бардык каражаттарын пайдаланууга укуктуу.

## 2-бөлүк. Адвокаттардын кесиптик ишмердигинин принциптери

Адвокат өзүнүн кесиптик ишмердигин ишке ашырууда жүрүм-турумдун төмөнкүдөй негизги принциптерин сактоогоо милдетүү:

Көз карандысыздык принциби

Адвокат бардык сырткы же ички (корпоративдик) таасирден көз карандысыз болууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын, Адвокатуранын уставынын, ушул Кодекстин жана адвокаттын ишин жолго салуучу Адвокатуранын башка ички (локалдык) актыларынын жоболорунун алкагында гана аракет кылат.

Ишенимдүүлүк (ишеним) принциби

Кардардын адвокатка карата ишеними, анын ишенимдүүлүгү адвокаттын жеке компетенттүүлүгүнө, обьективдүүлүгүнө жана принциптүүлүгүнө, чынчылдыгына, ак ниеттүүлүгүнө жана милдеттүүлүгүнө негизделет.

Купуялуулук принциби

а) Адвокаттык ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон бардык маалымат адвокат үчүн купуя болуп саналат;

б) Купуялуулукту сактоо мезгилдик чек менен чектелбейт. Адвокат кардардын кат жүзүндөгү макулдугу менен гана ал жөнүндө купуя маалыматты ачыкка чыгара алат. Адвокат коргоп жаткан адам өзүнө-өзү каршы көрсөтмө берип жатканы анык болгон өзгөчө учурларда мындай маалымат адвокат тарабынан ачыкка чыгышы мүмкүн.

Кардардын кызыкчылыктарынын артыкчылыгы принциби

Адвокат юридикалык жардам көрсөтүүдө кардардын кызыкчылыгын жетекчиликке алууга тийиш.

Кагылышка жол бербөө принциби

а) Эгерде кардарлардын кызыкчылыктары эки ача болуп же болбосо кызыкчылыктардын кагылышуу тобокелдиги пайда болсо адвокат юридикалык жардам берүүгө же бир эле иш боюнча эки же анадан көп кардарды коргоого укугу жок;

б) Кардарлар ортосунда кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгондо адвокат бардык кардарлардын кызыкчылыктарын коргоосун токтотууга милдеттүү;

в) Адвокаттар ортосунда жеке кагылыш же кесиптик мүнөздөгү кагылыш пайда болгон учурда адвокаттар элдешүү үчүн ыктыярдуу чараларды көрүүгө тийиш;

г) Адвокаттык ишин жүргүзүүдө адвокат өз кесиптештерине сый мамиле жасоого милдеттүү.

## 3-бөлүк. Адвокаттын милдети

3.1. Адвокат милдеттүү:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Кесиптик этика кодексинин ченемдерин сактоого;

2) Адвокатура аныктаган өлчөмдө жана тартипте мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөгө;

3) ишеним көрсөткөндөрдүн укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, коргоодо тургандын сот адилеттигине жетүүсүн камсыздоо үчүн мыйзамда каралган бардык каражаттарды жана ыкмаларды пайдаланууга;

4) юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу белгилүү болгон маалыматтарды жардам сурап кайрылган адамдын кат жүзүндөгү макулдугусуз ачыкка чыгарбоого;

5) ишенилген мамлекеттик сырларды камтыган же адвокаттык ишти жүргүзүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон маалыматтарды пайдалануунун белгиленген тартибин сактоого;

6) үч жылда бир жолудан кем эмес өз билимин жана өз квалификациясын өркүндөтүүгө;

7) “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген

учурларда лицензия колдонууну токтотуу жөнүндө арыз менен кайрылууга.

3.2. Адвокат адвокаттык ордер жана ишеним кат боюнча кардардын өкүлү, ошондой эле укук системасынын расмий өкүлү катары юридикалык жардамдын сапатына өзгөчө жоопкер болот.

3.3. Адвокат кардардын мыйзамда каралган укуктары менен милдеттерин ага маалымдоого милдеттүү.

3.4. Адвокат процесстин атаандаштык эрежелерине ылайык кардардын позициясын активдүү коргоого тийиш.

3.5. Адвокат кардар үчүн жагымдуу натыйжага жетишүүгө умтулууга тийиш.

3.6. Адвокат өз функциясын аткаруу менен кардар менен такай байланышта болуп, иш боюнча анын кызыкчылыктарына тиешелүү бардык маселелерди талкуулап, адвокаттык сырды сактоого тийиш.

3.7. Юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттын жүрүм-туруму мыйзамдын талаптарына ылайык болууга тийиш.

3.8. Адвокат сот адилеттигинин жөнөтүлүшүн жана юридикалык жардамдын сапатын жакшыртууга жетишүүгө тийиш.

3.9. Адвокат мамлекеттик кызматта боло албайт. Ал башка иштер менен алектенсе болот.

## 4-бөлүк. Кардар менен адвокаттын мамилеси

4.1. Адвокат кардар менен түзүлгөн макулдашуунун же аны дайындоо жөнүндө токтомдун (аныктаманын) негизинде өз кардарын коргойт.

4.2. Адвокат тергөө органынын, соттун, мамлекеттик органдын, уюмдун кызмат адамдары менен өзүнүн тажрыйбасына же жакшы мамилесине таянуу менен иштин ийгиликтүү жыйынтыгына кандайдыр бир кепилдик же кепилдик берүүгө жана кардарды ишендирүүгө укугу жок. Адвокат кардардын ишенимдүү адамы менен да келишим түзө алат.

4.3. Адвокат укуктуу эмес:

1) эгерде тапшырма көз көрүнө мыйзамсыз болгон учурда юридикалык жардам сурап ага кайрылган адамдын атынан тапшырма алууга;

2) юридикалык жардам сурап ага кайрылган адамдын атынан төмөнкү учурларда тапшырма алууга, эгерде ал:

а) ишеним көрсөтүүчүгө бул иш боюнча юридикалык жардам көрсөтүп жатса же мурда жардам көрсөткөн болсо, анын кызыкчылыктары жардам сурап кайрылган адамдардын кызыкчылыктарына карама-каршы келсе (тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча ортомчу болу чыккан учурлардан башка);

б) бул адамдын кызыкчылыгынан айрымаланып, ишеним көрсөтүүчү менен макулдашуу предмети боюнча өз алдынча кызыкчылыгы бар болсо;

в) судья, прокурор, алгач текшерүү жүргүзгөн адам, тергөөчү, медиатор, эксперт, адис, котормочу, күбө, жабырлануучу же калыс-күбө, жарандык доогер же жарандык жоопкер катары ишке катышса;

г) бул адамдын ишин иликтөөгө же кароого катышкан кызмат адамы менен тууандык жана үй-бүлөлүк мамиледе болсо;

3) ишеним көрсөтүчүнүн же корголуучунун өзүн-өзү жаманатоонун бар экендигине адвокат ишенген учурларды кошпогондо, иш боюнча ишеним көрсөтүүчүнүн же корголуучунун эркинен тышкары позицияны ээлесе;

4) ишеним көрсөтүүчүнүн же корголуучунун кат жүзүндөгү макулдугусуз, аларга көрсөтүлүп жаткан юридикалык жардамга байланыштуу, ага билдирген маалыматтарды ачыкка чыгарса;

5) өзүнө кабыл алынган коргоодон баш тартса. Адвокат юридикалык жардамды төмөнкү себетер менен токтотсо кабыл алынган коргоодон баш тартуу болуп саналбайт:

а) юридикалык жардам сурап кайрылган адам юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууга ылайык төлөмдү төлөбөсө;

б) юридикалык жардам көрсөтүүнү токтотуу жөнүндө макулдашууну юридикалык жардам сурап кайрылган адам түзсө.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кардар үчүн жагымдуу натыйжага жетүү үчүн кардардын көрсөтмөлөрүнө карабай юридикалык жардамды ишке ашыруу кабыл алынган коргоодон баш тартуу болуп саналбайт.

4.4. Тапшырманы аткарууну мүмкүн эмес кылган жагдайлар пайда болгон учурда кардар башка адвокатка кайрылууга мүмкүндүк алыш үчүн адвокат бул жөнүндө ага токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

4.5. Сот процессинде адвокат иш боюнча кызыкчылыктары жалгашпаган бир нече адамды коргоого алууга же алардын өкүлү болууга, бирок бул процесстин катышуучулары ар кандай көз караашты карманышса да укугу жок.

4.6. Багыты боюнча тапшырманы аткаруучу адвокат кардарга макулдашуу боюнча адвокатты чакыруу укугунун бар экендиги жөнүндө түшүнүк бериши мүмкүн.

4.7. Адвокат өз күнөөсүн мойнуна албаган айыпталуучуну колдоого жана анын көз карашын негиздөөгө милдеттүү.

4.8. Айыптын негизинде турган фактыларды корголуучу мойнуна алганда адвокат корголуучуга соттун келечегине анын көз карашын түшүндүрүүгө милдеттүү, бирок адвокат корголуучу өзүн-өзү жаманатты кылбаганына ишенген учурларды кошпогондо, адвокаттын көз карашы корголуучунун көз карашынан башкача болбоого тийиш.

4.9. Эгерде корголуучунун күнөөнү моюнга алуусу айыпталуучуга мыйзамсыз таасир көрсөтүү менен болгон болсо, адвокат ушул жагдайды тактоого карата мыйзамдуу бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

4.10. Адвокат өз корголуучусуна юридикалык жардам көрсөтүү менен башка айыпталуучунун айыптоочусуна айланбоого тийиш. Ал корголуучуну коргоо үчүн керектүү чектерде гана кошо айыпталуучуну ашкерелөөчү жагдайларды аныктап, корголуучунун аракеттеринен жеңилдетүүчү жагдайларды таап, башка адамдын күнөөсүн далилдөөгө умтулбашы керек.

4.11. Кардар мыйзамга карама-каршы келүүчү талаптарды койгондо же аны коргоо үчүн коргоонун мыйзамсыз каражаттары менен ыкмаларын колдонууну талап кылса, адвокат анын талаптарынын мыйзамсыз экендигин ага түшүндүрүүгө тийиш.

## 5-бөлүк. Адвокаттын сот, процесстин башка катышуучулары менен мамилеси

5.1. Соттук процесске катышуу менен адвокат процессуалдык мыйзамдарда белгиленген ченемдерди бекем сактоого жана төрагалык кылуучунун буйрутмаларына баш ийүүгө тийиш. Мында адвокатка коюлуучу милдеттүү талаптар катары процессуалдык ченемдерди сактоо, сотко жана процесстин катышуучуларына сый мамиле жасоо саналат.

5.2. Сот процессинин жүрүшүндө адвокат сооттордун мыйзамдуу, негизделген жана адилеттүү өкүм, чечим кабыл алуусуна көмөк көрсөтүүсү керек. Ушул максаттарда адвокат сот процессине, далилдерди изилдөөгө активдүү катышат, текшерилген фактыларга, материалдарга таянып, сотко өз жүйөөлөрүн, далилдерин келтирет, далилдердин аныктыгына жана жол берилүүсүнө карата зарыл талаптарды коёт.

5.3. Сот процессинде төрагалык кылуучунун, прокурордун, процесске катышуучулардын аракеттерине каршы мыйзамда белгиленген тартипте каршы болуу менен адвокат токтоолукту жана сылыктыкты көрсөтүүгө милдеттүү.

5.4. Сот процессине, тергөөнүн жүрүшүндөгү сурактарга жана процесстин башка стадияларына катышуу менен адвокат жабырлануучулардын, күбөнүн, доогерлердин, жоопкерлердин жана башка проопесске катышуучулардын аброюн жана ар-намысын кемсинтүүчү суроолорду бербестен, аларга сый мамиле кылууга тийиш.

5.5. Кандай гана жагдайлар болбосун адвокат өз корголуучусу менен убакыт чектелбеген жалгыз жолугушуу берүүнү талап кылууга укуктуу.

5.6. Кармалып жаткан жайда өз корголуучусу менен жолугушууда адвокат камак жайларынын эрежелерин, камакта жаткан адамдар менен сүйлөшүүнүн тартиби менен шарттарын жөнгө салуучу ченемдерди сактоого милдеттүү. Ал камак жайларында белгиленген эрежелерди айланып өтүп, кимдир-бирөөгө каттарды, буюмдарды, азыктарды, тыюу салынган предметтерди берүүгө, ошондой эле кимден болсо да, анын ичинде кандайдыр-бир кат жүзүндөгү билдирүүлөрдү же башка буюмдарды, предметтерди башка адамдарга берүү үчүн алууга укугу жок.

5.7. Адвокат тергөө аракеттерин, сот процессин кийинкиге жылдырууга, сотко келбей коюга, себепсиз такай кечигүүлөргө жол бербөөгө тийиш. Жүйөөлүү себептер пайда болгон учурда бул жөнүндө сотко, тергөө органына алдын ала кабарлайт.

## 6-бөлүк. Адвокаттын Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башкаруу органдары, Этика боюнча комиссиясы менен мамилеси

6.1. Адвокат Съезддин, Адвокаттардын жалпы чогулушунун, Адвокаттар кеңешинин, Этика боюнча комиссиянын ишине, алардын функцияларынын ишке ашырылышына активдүү көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

6.2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башкаруу органдарынын, аймактык адвокатуранын башкаруу органдарынын, текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башка мүчөлөрү "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставына, Кыргыз Республикасынын башка ички (локалдык) актыларына, Адвокаттар съездинин, Адвокаттар кеңешинин, адвокаттардын жалпы чогулушунун жана аймактык адвокатура башкармалыгынын чечимдерине баш ийүүгө милдеттүү. Бул чечимдерге макул болбогон учурда Адвокатуранын мүчөсү белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

6.3. Адвокат кесиби боюнча кесиптештерине сый мамиле жасоого, адвокаттык жамаатта адеп-ахлак, психологиялык жагымдуу климатты колдоого, кесиптик иш тажрыйбасы менен бөлүшүүгө жана аларды жаш адвокаттарга, адвокаттардын жардамчыларына өткөрүп берүүгө милдеттүү.

6.4. Адвокат иш боюнча тапшырма алганда, ал ишке башка адвокат катышып жатса, ага процесске өзүнүн киргендиги жөнүндө кабарлоого милдеттүү.

6.5. Адвокат иш боюнча башка тараптын адвокатысыз ал тарап менен пикирлешүүгө, ал тарап адвокаттын кызмат көрсөтүүсүнөн баш тарткан учурларды кошпогондо, укуктуу эмес.

6.6. Адвокат кардардан башка адвокат менен биргелешип ага юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө сунуш түшкөндө ал адвокаттын макулдугу жөнүндө ырастама алууга милдеттүү. Ишти биргелешип жүргүзүү жөнүндө кийинки адвокат каршы болгондо адвокат кардарга бул адвокаттардын арасынан кимдир-бирөөсүн тандоого укугу бар экендигин ага түшүндүрөт.

6.7. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын, аймактык адвокатуралардын башкаруу органдары жана алардын мүчөлөрү тарабынан адвокаттардын укуктарын бузууга тыюу салынат.

## 7. Корутунду жоболор

7.1. Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодекси Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын бардык мүчөлөрүнө жайылтылат.

7.2. Адвокат бул Кодекс менен милдеттүү түрдө тааныштырылып, аны ишинде жетекчиликке алууга тийиш.

7.3. Адвокаттардын этика эрежелерин сактоосу “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, ушул Кодекс жана Кыргыз Республикасынын Этика боюнча комиссиясы жөнүндө жобосу менен кепилденет.

7.4. Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодекси адвокатка өзүнүн кесиптик милдетин татыктуу, чынчыл, компетенттүү, натыйжалуу жана кандайдыр-бир таасирлерге карабай аткарууга чакырылган.

7.5. Адвокат Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин жоболорун аткарбаса белгиленген тартипте тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

7.6. Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодекси Адвокаттардын съезди тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет жана кайтарым күчүнө ээ эмес.

**Адвокаттар кеңешинин төрайымы** **Бегилерова М.А.**

Бардыгы тигилген, номерленген жана
мөөр басылган

9 (тогуз) барак

Кызмат орду _________

Кол тамгасы _________

«29» 01 2024 ж.